**“Кызыл гүл”**

Таптаза көркөм ачылып,
Жыпар жыт аңкып чачылып.
Жайнаган кызыл гүл көрдүм,
Жетпедим ага ашыгып.

*Кайырма*
*Жайнай бер, жаркын  кызыл гүл,*
*Жабырап жайнап нечен түр.*
*Кечиктим, кантем, кош эми,*
*Сураарым — кез-кез эстей жүр.*

Жетээрде сага кол сунуп,
Үн уктум, чыккан кубулжуп.
Бар экен гүлдүн булбулу,
Жетпедим, көптөн умтулуп.

*Кайырма*
*Жайнай бер, жаркын  кызыл гүл,*
*Жабырап жайнап нечен түр.*
*Кечиктим, кантем, кош эми,*
*Сураарым — кез-кез эстей жүр.*